**“Элдик Капитал” күрөөканасы Кошумча жоопкерчилиги бар коомунун**

# ЗАЙЫМ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ОФЕРТАСЫ

«__» ______ 20__ ФИО клиента

“Элдик Капитал” күрөөканасы Кошумча жоопкерчилиги бар коому, ЖСН: 00906202210235, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу мамлекеттик кызматы тарабынан берилген 2022-жылдын 13- октябрьда №0033 “КИ” сериясы менен күрөөкана ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө лицензиянын негизинде күрөөкана ишмердүүлүгүн жүргүзгөн, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1. Уставдын негизинде аракеттенген, башкы директору Шейренов Алинур Исаевич атынан, http://www.zamat.kg интернет баракчасына жайгаштырылган “Элдик Капитал” Күрөөканасы кошумча жоопкерчилиги бар коомунун аралыктан (“Онлайн”) зайым берүү жана тейлөө эрежелерине ылайык аракеттенип, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинин 396, 399, 402- беренелерин жетекчиликке алып, ушул Зайым келишимин түзүүгө офертаны (мындан ары - Оферта) Кыргыз Республикасынын жаранына ______________, туулган күнү __.__.____ паспортунун сериясы № _________, берген орган ___________ берилген дата __.__.____, ИЖН __________, байланыш телефон номери +996 ____________, электрондук почта дареги ______________, жашаган жери: ___________________________________ , төмөнкү шарттар менен зайым келишимин түзүүнү сунуштайт.

Ушул Офертаны кабыл алуу (төмөндө берилген Зайым келишимин кошо алганда) “Электрондук кол тамга жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Зайым алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү түрүндө тастыктоо үчүн жөнөтүлгөн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же Зайым берүүчүнүн Сайтында Жеке кабинеттеги Логинди жана Паролду пайдалануу аркылуу жөнөкөй электрондук кол тамга коюу жолу менен ишке ашырылат. Ушул Офертаны кабыл алуу (төмөндө берилген Зайым келишимин кошо алганда) Сиз өз колуңуз менен койгон жана Зайым берүүчүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу коюлган жана Зайым берүүчүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаздагы документке бирдей маанидеги электрондук документ болуп саналат.

“Электрондук кол тамга жөнүндө” КР Мыйзамынын 6-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алуу менен, _______________ өз ара байланыштуу электрондук документтерге төмөндөгүлөрдү камтыган: ушул Офертага, төмөндө берилген Зайым келишимине жана Зайым келишиминин 1-тиркемесине (күрөө билети) кол коюусу мобилдик телефонго SMS-билдирүү түрүндө тастыктоо үчүн жөнөтүлгөн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же Зайым берүүчүнүн Сайтында Жеке кабинеттеги Логинди жана Паролду пайдалануу аркылуу бир электрондук кол тамга менен ишке ашырылат.

# № ЗАЙЫМ КЕЛИШИМИ

**Бишкек ш.** **Дата:**

Кыргыз Республикасынын жараны (ФАА) ________________________, (туулган күнү) ______________, паспорт сериясы жана № _________ берген (орган) ____________ (берилген күн) _______________, ПИН ____________________, мобилдик телефон +996 ________________, электрондук почта дареги: ___________________, жашаган дареги: Кыргыз Республикасы, _________ облусу, _________ шаары, __________ району, ____________ көчөсү, __ -үй, __-батир, мындан ары «Зайым алуучу» деп аталган, бир тараптан, жана

«Элдик Капитал» күрөөканасы» кошумча жоопкерчилиги бар коому, СИН 00906202210235, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы тарабынан берилген, ____-жылдагы «___» сериясындагы № ______________ күрөөкана ишин жүргүзүүгө лицензиянын негизинде күрөөкана ишин жүргүзгөн, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1, Уставдын негизинде аракеттенген, Башкы директору Шейренов Алинур Исаевичтин атынан, мындан ары «Зайым берүүчү» деп аталган, экинчи тараптан,

мындан ары чогуу эскертүүдө «Тараптар» деп аталгандар, төмөндөгүлөр жөнүндө ушул Зайым келишимин (мындан ары – «Келишим») түзүштү:

**Ушул Келишимде колдонулган аныктамалар:**

**Пайыздардын суммасы** – ушул Келишимде каралган тартипте жана шарттарда берилген, Зайымды пайдалануунун ар бир календардык күнү үчүн Зайым суммасына карата пайыздык ченди колдонуу аркылуу аныктала турган төлөм.

**Зайымды берүү күнү** – Зайым берүүчү тарабынан Зайым суммасы Зайым алуучунун банктык/карт эсебине же идентификацияланган электрондук капчыгына жөнөтүлгөн (чегерилген) күн.

**Зайым берүү** – Зайым алуучу зайым суммасын нак каражаттар менен алган же Зайым берүүчү Зайым суммасын Зайым алуучунун Эсебине/Электрондук капчыгына жөнөткөндөн (чегергенден) кийинки учур.

**Зайымды толук төлөгөн күн** - ушул Келишимде каралган тартипте карыздын суммасын кайтарган күн.

**Карыз** – Зайымдын суммасын, Зайымды иш жүзүндө пайдаланган мезгили үчүн чегерилген, бирок төлөнбөгөн Пайыздардын суммасын камтыйт.

**Жеңилдетилген мөөнөт** – мыйзамда белгиленген мөөнөт, зайым ушул Келишим менен белгиленген мөөнөттө төлөнбөгөн учурда Зайым берүүчүнүн күрөөгө коюлган мүлктүн эсебинен өндүрүп алууга укугу жок.

**Зайымды иш жүзүндө пайдаланган мезгил** – Зайым берилген күндөн тартып ушул Келишим боюнча Карызды толук төлөгөн күнгө чейинки мезгил.

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Ушул Келишимдин шарттарына ылайык Зайым берүүчү Зайым алуучуга дата:________ (күн жазуу жүзүндө) календардык күн мөөнөтүндө __________ (сумма жазуу жүзүндө) сом суммасында кыска мөөнөттүү зайым (мындан ары – «Зайым») берүүгө милдеттенет, ал эми Зайым алуучу өз кезегинде кыска мөөнөттүү зайымды берүү шарттарын сактоого, Зайымды кайтарып берүүгө жана аны пайдаланганы үчүн Пайыздардын суммасын төлөп берүүгө милдеттенет. Зайымды камсыздоо катары Зайым алуучу ушул Келишимде аныкталган шарттарда жана тартипте күрөө предметин (күрөө) Зайым берүүчүгө берет.

1.2. 1.1-пунктта каралган мөөнөттө Зайымды пайдаланганы үчүн, ошондой эле Зайымды иш жүзүндө пайдаланган мезгили үчүн Зайым алуучу ушул Келишимдин 1.3-пунктуна ылайык бир календардык күнгө эсептөө менен негизги карызга карата пайыз түрүндө аныкталган акыны Зайым берүүчүгө төлөп берүүгө милдеттүү.

1.3. Зайымды пайдаланганы үчүн пайыздык чен бир календардык күнгө карата эсептөөдө _____% түзөт. Ушул Келишимдин 1.1-пунктунда каралган Зайымды пайдаланган мөөнөт үчүн Пайыздардын суммасы _____________ (сумма жазуу жүзүндө) сомду түзөт жана ушул Келишимдин 3.1-3.8-пункттарында белгиленген тартипте кайтарылат.

1.4. Ушул келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу орду Зайым берүүчүнүн юридикалык дареги болуп эсептелет.

1.5. Зайымды төлөө мөөнөтү деп ушул Келишимдин 1.1-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт эсептелет, ал мөөнөт башталганда Зайым алуучу Зайымды жана Келишимдин 1.3-пунктуна ылайык Пайыздардын суммасын кайтарып берүүгө милдеттүү, алардын жалпы суммасы *(сумма жазуу жүзүндө)* түзөт.

1.6. Зайымды толук төлөө күнү деп ушул Келишим боюнча Зайым алуучу тарабынан Зайым берүүчүгө төлөнө турган Карыздын суммасын 3.4-пунктта көрсөтүлгөн тартипте кайтарган күн эсептелет. Карыздын суммасы, ушул Келишимде аныкталгандай, Зайым суммасын, Зайымды иш жүзүндө пайдаланганы үчүн чегерилген, бирок төлөнбөгөн Пайыздардын суммасын камтыйт.

## 2. ЗАЙЫМ БЕРҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Зайым нак каражаттар түрүндө же Зайым суммасын төмөндөгүлөргө нак эмес которуу аркылуу берилет:

i. төмөндөгү реквизиттерге ээ болгон, Зайым алуучунун банктык/карт эсебине: БИК _____________, эсеп № _______________, эсептин ээси (ФАА) _________________ (мындан ары - Эсеп); жана/же

ii. белгилеген тартипте катталган мобилдик телефонго байланыштырылган, төмөндөгү реквизиттерге ээ болгон, Зайым алуучунун идетификацияланган электрондук капчыгына: +996 __________________ (мындан ары – Электрондук капчык).

Тараптар зайым кандай жол менен берилгенинен көз карандысыз, Зайымды Зайым берүүчүнүн турган орду боюнча берилди деп эсептешет: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1,

2.2. Зайым келишимине кол коюу жана Зайым алуучунун зайым суммасын алышы, же Зайым суммасынын Зайым берүүчү тарабынан Зайым алуучунун Эсебине же Электрондук капчыгына чегерилиши Зайым берүүгө келишимди түзүүнү тастыктоо болуп саналат. Зайым суммасын ушул Келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн Зайым алуучунун Эсебине же Электрондук капчыгына чегерген учурдан тартып Зайым алуучу Зайым алуудан толук же жарым-жартылай баш тартууга укуксуз.

2.3. Зайым Зайым алуучу зайым суммасын нак каражаттар менен алган учурдан тартып же Зайым берүүчү Зайым суммасын ушул Келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн Зайым алуучунун Эсебине/Электрондук капчыгына жөнөткөндөн (чегергенден) кийин Зайым алуучуга берилди, ал эми ушул Келишим боюнча Зайым берүүчүнүн милдеттенмеси аткарылды деп эсептелет (КР Жарандык кодексинин 724-беренесинин 2-п. ылайык)

## 3. ЗАЙЫМДЫ КАЙТАРУУ ЖАНА ПАЙЫЗДАРДЫН СУММАСЫН ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

3.1. Зайымды төлөө мөөнөтү башталган күнү Зайым алуучу ушул Келишимдин шарттарынын негизинде Зайым берүүчү тарабынан белгиленген өлчөмдө Карыздын суммасын кайтарууга милдеттенет. Карыздын суммасын кайтаруу Зайым алуучу тарабынан ушул Келишимдин 1.1-п. жана 1.4-п. ылайык бирдиктүү төлөм менен жүргүзүлөт.

3.2. Зайым алуучу Иш жүзүндө пайдаланган мезгил үчүн Карыздын суммасын төлөө менен, Зайымды мөөнөтүнөн мурда төлөөгө укуктуу. Карызды мөөнөтүнөн мурда төлөө болжолдуу мөөнөтүнөн мурда төлөө күнүнө чейин беш календардык күн мурда Зайым берүүчүгө алдын ала билдирип, бир жолку төлөм менен жүргүзүлөт.

3.3. Тараптардын макулдашуусу боюнча Карыздын суммасын төлөө төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

i. ______________шилтемеси боюнча Зайым берүүчүнүн сайтында көрсөтүлгөн, Зайым алуучунун эсептешүү эсептеринин бирине (мындан ары – Зайым берүүчүнүн эсеби) акча каражаттарын чегерүү аркылуу
ii. Зайым берүүчүнүн сайтында көрсөтүлгөн, банк карттарынан төлөмдөрдү кабыл алуу кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланып, төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн төлөм терминалдары жана башка терминалдар аркылуу акча каражаттарын чегерүү менен.
iii. акча каражаттарын Зайым берүүчүнүн кассасына төлөө аркылуу.

Акча каражаттарын нак эмес түрдө чегерген учурда, Зайым алуучу http://www_______________ шилтемеси боюнча Зайым берүүчүнүн сайтында текшерүү аркылуу же Зайым берүүчүнүн байланыш телефону аркылуу тандалган төлөө ыкмасынын актуалдуулугун өз убагында текшерүүгө милдеттүү.

3.4. Карыздын суммасы мыйзамда каралган учурларда ушул Келишимдин 3.4-п. ылайык аныкталган өлчөмдө жана тартипте Зайым берүүчүгө кайтарылды, ал эми Зайым алуучунун милдеттенмеси аткарылды деп эсептелет.

3.5. Зайым алуучу үчүнчү жактардын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу менен, Зайым берүүчүнүн пайдасына акча каражаттарын чегерүүдө төлөмдү кечиктиргени боюнча тобокелдиктерди өзүнө алат.

3.6. Зайым берүүчүнүн кассасына акча каражаттары төлөнгөндөн кийин же Зайым алуучу акча каражаттарын чегерген жана алар Зайым берүүчүнүн Эсебине түшкөндөн кийин, ушул Келишим боюнча карызды төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

3.7. Тараптар келишимдин шарттарын каалаган убакта өзгөртүшү мүмкүн. Өзгөртүүлөр жазуу жүзүндө өзүнчө кошумча келишим менен киргизилет.

## 4. ЗАЙЫМДЫ КАМСЫЗДОО

4.1. Ушул Келишим боюнча милдеттемелерди аткарууну камсыздоодо Зайым алуучу Зайым берүүчүгө Зайымды иш жүзүндө пайдаланган мезгилдеги Карызды суммасынын өлчөмүндө ушул Келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн Зайым алуучунун Эсебинде же Электрондук капчыгында турган акча каражаттарын күрөөгө (күрөөлүк буюмга) берет. Тараптардын макулдашуусу боюнча күрөөгө коюлган мүлктү баалоо суммасы Иш жүзүндө пайдаланган мезгилдеги ал боюнча Карыздын суммасынын өлчөмүндө белгиленген. Мында Зайым алуучу көрсөтүлгөн эсепте же электрондук капчыкта акча каражаттарынын суммасын камсыздоо боюнча милдеттенмени өзүнө алат.

4.2. Күрөөнү эсепке алуу максатында Тараптар ушул Келишимдин № 1 тиркемесинде белгиленген форма боюнча күрөө билетин тариздейт, ага Зайым алуучу кол коет.

4.3. Зайым алуучу ушул Келишим түзүлгөн күндөн тартып үч жумуш күн ичинде, эгер Зайым банктык/карт эсебине берилсе банкка, же эгер Зайым ушул Келишимдин 4.1-пунктунда көрсөтүлгөн идентификацияланган электрондук капчыкка берилсе, төлөм системасынын операторуна ушул Келишимде көрсөтүлгөн банктык/карт эсебиндеги же идентификацияланган электрондук капчыктагы Зайым берүүчүнүн пайдасына акча каражаттарынын күрөөсүнө (күрөөлүк буюмга) байланыштуу, ошондой эле ушул Келишим боюнча күрөө (күрөөлүк буюм) болуп саналган акча каражаттары анын же үчүнчү жактардын пайдасына Зайым берүүчүнүн жазуу түрүндөгү макулдугу жок, Зайым алуучунун

банктык/карт эсебинен же идентификацияланган электрондук капчыгынан төлөнбөй (эсептен алынбай) турганы жөнүндө жазуу түрүндө билдирүүгө милдеттенет.

4.4. Ушул Келишимдин 4.1-пунктун эске алуу менен Зайым алуучу ушул Келишимдин 4.1-пунктуна ылайык Карыздын суммасын Зайым алуучунун Эсебине которуу үчүн Зайым алуучунун банкы же төлөм системасынын оператору тарабынан талап кылынышы мүмкүн болгон өзүнүн макулдугу жөнүндө бардык ырастоолорду берүүгө жана билдирүүгө милдеттенет.

4.5. Зайым алуучу күрөө предметинин (күрөөлүк буюмдун) эсебинен өндүрүп алууга чейин каалаган убакта ушул Келишим боюнча Зайым берүүчүнүн алдындагы өзүнүн милдеттенмелерин аткарып, карызды өндүрүп алууну токтотууга укуктуу.

## 5. КОШУМЧА ЗАЙЫМ БЕРҮҮ ТАРТИБИ

5.1. Зайым берүүчү Зайым алуучунун суроо-талабы боюнча кошумча зайым берет же аны берүүдөн баш тартат.

5.2. Зайым берүүчү кошумча зайымды бергенде, Зайым алуучу жаңы редакцияда зайым келишимине кол коюшу керек, анда зайымдын суммасы, ошондой эле зайымды кайтаруу жана Пайыздардын суммасын төлөө тартиби аныкталат.

5.3. Зайым берүүчү ушул Келишимдин 5.2-пунктуна ылайык кошумча зайымды бергенде, Зайым берүүчү жаңы редакциядагы зайым келишимине кошумча өзүнчө кошумча күрөө билетин жөнөтөт. Кошумча күрөө билети жаңы редакциядагы зайым келишиминин шарттарына ылайык, ошондой эле ушул Келишимдин 4.2-пунктунда каралган тартипте тариздelet.

## 6. ЗАЙЫМ КЕЛИШИМИН УЗАРТУУ (МӨӨНӨТҮН УЗАРТУУ) ТАРТИБИ

6.1. Зайымды пайдалануу мөөнөтүн узартуу Зайым алуучу тарабынан анын жеке эрки боюнча ушул Келишимдин 6.2-пунктунда каралган тартипте жүргүзүлөт. Зайымды пайдалануу мөөнөтүн узартуу күрөө билетине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизген күндөн тартып саналган, 14 жана 30 календардык күн (Зайым алуучунун тандоосу боюнча) мөөнөтү менен чектелбеген санда жүргүзүлөт. Бирок Зайым келишиминин колдонуу мөөнөтү ушул Келишим түзүлгөн күндөн тартып 365 календардык күндөн ашпашы керек.

6.2. Ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн Зайым алуучу ушул Келишим боюнча Зайымды төлөө мөөнөтү башталган учурдан тартып 30 күндөн кеч эмес Зайым алуучу сураган ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу мезгили ичинде чегериле турган Зайымды пайдалануу үчүн Пайыздардын суммасын толук көлөмдө аванс менен төлөшү керек.

6.3. Ушул Келишимдин 6.2-пунктунда каралган шарттарды талаптагыдай аткарганда, Зайым берүүчү Зайым алуучуга СМС-билдирүү аркылуу же электрондук почта аркылуу

Зайымды пайдалануу мөөнөтүн узартуу жөнүндө кабарлайт жана тиешелүү өзгөртүүлөр күрөө билетине киргизилет.

6.4. Зайымды пайдалануу мөөнөтүн узартууда, өзгөртүүлөр Тараптарда сакталган күрөө билетинин нускасында киргизилет. Мында күрөө билетине ар бир өзгөртүү аны тариздегенден кийин Зайым берүүчүнүн колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

6.5. Келишимдин 6.3-пунктунда каралган тартипте жаңы редакциядагы зайым келишиминде белгиленген Зайымды пайдалануу мөөнөтү аяктаганда ушул Келишим боюнча Карыздын жалпы суммасы төлөнөт.

6.6. Зайым алуучу ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн зарыл болгон Зайымды пайдаланганы үчүн Пайыздардын суммасын өз убагында чегербеген учурда жана/же Зайым алуучу ушул Келишимдин 6.2-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганда Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн кайрылган учурда, Зайым берүүчү Зайым келишимин узартуудан (мөөнөтүн узартуудан) баш тартууга укуктуу.

## 7. МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРҮҮ ЖАНА ИШТЕП ЧЫГУУ ТАРТИБИ

7.1. Зайым алуучу ушул Келишимде көрсөтүлгөн маалыматтардын, анын ичинде жеке маалыматтардын толуктугун, тактыгын жана тууралыгын ырастайт.

7.2. Зайым алуучу Зайым берүүчүгө ушул Келишимде көрсөтүлгөн анын бардык маалыматтарын, ошондой эле Зайым алуучу Зайым берүүчүгө каттоодо (арызды толтурууда) берген башка бардык жеке маалыматтарын, анын ичинде: фамилиясы, аты, атасынын аты; жынысы; туулган күнү жана жери; өздүк күбөлүгүнүн реквизиттери; ПИН, үй-бүлөлүк абалы; билим деңгээли; иш түрү; бир айлык кирешесинин жана чыгашасынын өлчөмү; кийинки эмгек акы ала турган күн; жашаган аймагы; иш жүзүндө жашаган дареги; каттоодо турган дареги; байланыш телефонунун номери; жумуш телефонунун номери (эгер бар болсо); электрондук почта дареги; банктык/карт эсебинин/идентификацияланган электрондук капчыгынын маалыматтары, тиешелүү реквизиттери жана жеке маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маалыматтарды иштеп чыгууга билип туруп, эркин, өз эрки менен жана өз кызыкчылыктарында макулдугун берет, ал автоматташтыруу каражаттарын пайдалануу менен же мындай каражаттарды пайдалануусуз Зайым алуучунун жеке маалыматтары менен ар кандай иш-аракетти (операцияны) же иш-аракеттердин (операциялардын) жыйындысын аткарууну, анын ичинде чогултууну, жазууну, системалаштырууну, топтоону, сактоону, тактоону (жаңыртууну, өзгөртүүнү), алууну, пайдаланууну, берүүнү (жайылтууну, берүүнү) камтыйт.

7.3. Зайым алуучу «Ишеним» кредиттик бюросу» ЖАКга/ЖАКтан (мындан ары – «Кредиттик бюро»), ошондой эле зарыл болгондо башка кредиттик бюродон/бюрого ушул Келишим боюнча маалыматты берүүгө жана алууга өзүнүн макулдугун берет.

7.4. Зайым алуучу Зайым берүүчүдөн ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү башталганы жөнүндө, ушул Келишим боюнча карыздын суммасын көрсөтүү менен

мөөнөтү өткөрүлгөн карыздын пайда болушу же бар экени жөнүндө маалыматтык материалдарды, ушул Келишимди аткаруу менен байланыштуу башка маалыматты, ошондой эле жарнамалык материалдарды жана Зайым берүүчүнүн кызмат көрсөтүүлөрү жана акциялары жөнүндө маалыматты байланыш каналдары, анын ичинде: SMS- билдирүү, почта каты, телеграмма, үн билдирүүсү, электрондук почта билдирүүсү аркылуу алууга өзүнүн макулдугун берет. Ошондой эле Зайым берүүчү ар кандай байланыш маалыматын, анын ичинде Зайым алууга өтүнмөнү тариздөөдө Зайым алуучу тарабынан берилген байланышуучу адамдардын байланыш маалыматтарын пайдаланууга укуктуу.

7.5. Ушул Келишимдин 7.5-пунктунун жоболорун эске алуу менен Зайым алуучу Зайым берүүчүнүн ушул Келишимдин реквизиттеринде көрсөтүлгөн, Зайым алуучу жөнүндө жеке маалыматты, зайымдын суммасы, мөөнөтү, камсыздоо түрлөрү жөнүндө маалыматты жана башка ушул Зайым менен байланыштуу башка маалыматты алар Зайым берүүчү менен түзгөн агенттик келишимдердин же башка келишимдердин негизинде аракеттенген үчүнчү жактарга берүүсүнө өзүнүн шартсыз макулдугун, ошондой эле Зайым берүүчүнүн мындай үчүнчү жактарга Зайым алуучунун Зайым келишиминин шарттарын бузгандыгы жөнүндө маалыматты берүүсүнө, ошондой эле ушул Келишимдин максаттары үчүн зарыл болгон, жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтын баарын же бир бөлүгүн үчүнчү жакка берүүсүнө шартсыз макулдугун берет.

7.6. Зайым алуучу Зайым берүүчүнүн ар кандай мүмкүн болгон булактардан, анын ичинде мамлекеттик маалыматтар базаларынан Зайым алуучу жөнүндө маалыматты алуусуна өзүнүн макулдугун берет.

7.7. Зайым алуучу Зайым берүүчүгө төмөндөгүлөрдү кепилдейт:

i. ушул Келишимде көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын банкы тарабынан чыгарылган жеке, колдонуудагы банктык карты жана/же Кыргыз Республикасынын банкында ачылган эсептешүү эсеби жана/же Кыргыз Республикасындагы электрондук капчык/төлөм системасынын операторунда ачылган жана катталган, идентификацияланган электрондук капчыгы бар экенин;

ii. ушул Келишимдин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасындагы уюлдук байланыш операторунун катталган мобилдик телефон номери бар экенин.

7.8. Ушул Келишимдин алкагында Зайым алуучунун өздүгүн идентификациялоо жана верификациялоо, Зайым алуучунун ушул Келишимдин шарттарын аткаруусун контролдоо максатында Зайым алуучу Зайым берүүчүгө алардын сүйлөшүүлөрүн аудио жана видео жазууну жүргүзүүгө өзүнүн макулдугун берет.

7.9. Зайым алуучунун жеке маалыматтарын пайдалануу жана иштеп чыгуу жеке маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана маалыматты коргоо жаатындагы башка ченемдик актылардын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

## 8. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

8.1. Ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы жана/же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

8.2. Мыйзамдар менен белгиленген жеңилдетилген мөөнөт убагында Зайым берүүчү ушул Келишимдин 1.3-пунктунда белгиленген чендин негизинде Пайыздардын суммасын чегерет.

8.3. Ушул Келишимдин негизинде Зайым берүүчүгө таандык болгон укуктар (талаптар) ал тарабынан бүтүм (талапты өткөрүп берүү) боюнча башка жакка берилиши мүмкүн. Зайым берүүчүнүн укуктары башка адамга өтүшү үчүн Зайым берүүчүгө Зайым алуучунун макулдугу талап кылынбайт.
Зайым берүүчү өзүнүн кароосу боюнча ушул Келишим боюнча Зайымды пайдаланганы үчүн Пайыздардын суммасын чегерүүнү токтотууга укуктуу.

## 9. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

9.1. Зайым алуучу ушул Келишимди түзүү жана аткаруу үчүн керектүү аракетке жөндөмдүүлүккө жана укук жөндөмдүүлүккө толук көлөмдө ээ.

9.2. Зайым алуучу ушул Келишимди анын бардык шарттары менен алдын ала таанышып жана макул болуу менен түзүп жатканын ырастайт. Зайым алуучу ушул Келишимди билип туруп, эркин, өз эрки менен жана өз кызыкчылыгында түзүп жатканын ырастайт.

9.3. Тараптар өз мамилелерин өз ара ишенимдин жана купуялуулуктун негизинде түзүшөт. Тараптар ушул Келишимди колдонуунун же чечмелөөнүн натыйжасында пайда болгон бардык талаштарды же пикир келишпестиктерди тынч жол менен чечүү үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүшөт. Эгерде Тараптар өз ара алгылыктуу чечимге жетише албаса, анда Тараптардын бири төмөндө ушул Келишимдин 9.5-пунктунда көрсөтүлгөндөй талашты чечүү үчүн чараларды көрө алат.

9.4. Муну менен Тараптар белгиленген тартипте макулдашууга жетишүү мүмкүн болбогон учурда, ушул Келишимден улам же ага байланыштуу жаралган, же андан келип чыккан, анын ичинде аны аткарууга, бузууга, токтотууга, жараксыздыгына тиешелүү бардык талаштар, пикир келишпестиктер, талаптар же дооматтар Кыргыз Республикасынын сотторунда же Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу Эл аралык бейтарап сотто Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу Эл аралык бейтарап соттун Регламентине ылайык, ушул Регламентке боюнча шайланган бир арбитр тарабынан чечилет.

9.5. Бардык билдирүүлөр Сайтта катталууда көрсөтүлгөн Зайым алуучунун реквизиттерине, анын ичинде ушул Келишимде көрсөтүлгөн Зайым алуучунун дарегине, SMS-билдирүүлөр мобилдик телефондун номерине жана мессенджерлер аркылуу (WhatsApp, Viber, Telegram ж.б.), Сайтта катталууда Зайым алуучу көрсөткөн электрондук почта дарегине жөнөтүлөт жана талаптагыдай жеткирилди деп эсептелет. Зайым алуучу бардык жогоруда көрсөтүлгөн даректерди, телефондорду жана башка реквизиттерди Зайым берүүчүдөн кабарлоолор/билдирүүлөр келгендигине үзгүлтүксүз жана өз убагында текшерүүгө, ошондой

эле өзүнүн реквизиттеринин өзгөргөнү жөнүндө Сайттагы Жеке кабинет аркылуу жана/же Зайым берүүчүнүн байланыш телефон номерине чалып Зайым берүүчүгө дароо билдирүүгө милдеттенет.

9.6. Ушул Келишимдин айрым жоболорунун аткарылбагандыгы Келишимдин башка жоболорун аткаруу мүмкүнчүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

## 10. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

**Зайым берүүчүнүн атынан**

«Элдик Капитал» күрөөканасы» КЖК

Дареги: Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1,

СИН: 00906202210235

Тел.: _______________

Банктын аталышы:

БИК:

Э/э:

___________________________

Башкы директор

**Зайым алуучу:**

ФАА: ___________________________

ПИН ______________________

Паспорт № ____________, берген (орган) (берилген күн).

Дареги: Кыргыз Республикасы, (Облус), (Шаар), (Район), (көчө), (үй) – (батир)

Моб. тел.: +996

**ФАА_____________,**
**дата**

**__.__.____ № _____________ Займ келишимнин 1-тиркемеси**

“Элдик Капитал” Күрөөканасы КЖК
Дареги: Бишкек ш., Токогул 125/1
ИСН: 00906202210235

Күрөөкананын аталышы жана дареги ИСНкоду

Бишкек ш. Биринчи Май р. МСКБ
(салык органынын аталышы)М.О.

**№ ________________ күрөө билети**

Жаран _________________________ кабыл алынды.
(күрөө берүүчүнүн ФАА)

Паспортунун сериясы № __________ берген орган __________, берилген дата __.__.___Күрөө предметинин аталышы: Займ алуучунун Займ берүүчүнүн алдындагы Карызынын суммасынын өлчөмүндө акча каражаттары.

Күрөө предметинин жеке-жалпы белгилери

Күрөөгө коюлган мүлктү баалоо суммасы: Займ алуучунун Займ берүүчүнүн алдындагы Карызынын суммасынын өлчөмү.

Займ суммасы: _____.__ KGS

Займдын мөөнөтү __ күн жана № ________________ Займ келишиминин шарттарына ылайык узартылышы мүмкүн

Займды кайтаруу датасы __.__.____, эгерде займ мөөнөтү узартылбаса. Займ мөөнөтүн узарткан учурда, займды кайтаруу датасы Күрөө берүүчүнүн жана Займ берүүчүнүн ортосунда белгилеген тиешелүү дата болуп саналат.

Займды кайтаруу суммасы ______.__ KGS, Займ келишиминин мөөнөтүн узартканучурда, кайтаруу суммасы узартылган мөөнөттү эске алуу менен эсептелет.

Займ боюнча пайыздык коюм _.__

(бир календардык күн эсебинде эсептелген,

займ боюнча пайыздык коюмду көрсөтүү менен)

Мүлк күрөөгө кабыл алынды
Займды “Элдик Капитал” Күрөөкана КЖК берди Шейренов Алинур Исаевич
(кызмат адамынын ФАА, дата)

Күрөө билети жана займ суммасы ____.__ KGS Займ
алуучу алды:
**Займ алуучунун ФАА:___________________**
**ИЖН: ________________**
**Паспорт № __________, берген орган ________** от __.__.____.
**Адрес: ____________________________________________________________**
**Моб. тел.:** +996 ___________
**Займ алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлга (Займ алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду – ____ (смс-код) киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинеттеги Логинди жана Паролду пайдалануу аркылуу):**
**_________________,**
**Дата __.__.____.**